# Сакин Бегматова атындагы Таш-Мойнок жалпы билим берүү орто мектебинин тарбия завучу

# Калиева Нуржан Канатбековна

## 2020-2021-окуу жылы

«Билим алуу ийне менен кудук казгандай»-улуу ата-бабалардан калган сөз. Ал эми «Тарбия берүү-улуу иш;ошол аркылуу адамдын келечек тагдыры чечилет» -деп В. Белинский айткан. Окуучуларга тарбия берүү маселелерин туура чечүү эң маанилүү иш болуп саналат. Бул маселенин чечилиши мектепте тарбиялык иш жүргүзүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга, ошону менен бирге окуучуларга ар тараптуу тарбия берүүдө оптималдуу ыкма таап, алардын руханий дүйнөсүн калыптандырууда окуучуларды маданияттуулукка, элин жерин сүйгөн инсандыкка тарбиялоо менен алардын музыкалык табитин ачып, музыкага болгон кызыгуусун арттырып, чыгармачыл жөндөмүн өстүрүү болуп саналат. Ошол себептен Таш-Мойнок жалпы билим берүү орто мектебинде «Окуучуларды тарбиялоонун Концепциясынын» негизинде - патриоттуулукка тарбиялоо

- нравалык тарбиялоо
- толеранттуулукка тарбиялоо
- эмгекке тарбиялоо
- экологиялык тарбия берүү
- адеп-ахлакка тарбиялоо
- интернационалдык табия берүү
- жарандык тарбия боюнча айлык, чейректик, жылдык пландар боюнча иш алып барылды.

2020-2021-окуу жылында 23 класс-комплект бекитилип, 21 класска 21 класс жетекчилер бекитилип, класс жетекчилердин усулдук бирикмеси түзүлдү.

2020-2021-окуу жылынын аягында:

- Жалпы окуучулардын саны -501
- Эркек балдар - 259
- Кыздар -242
- Класс-комплект - 23
- Мектептин каттоосунда турган окуучулардын саны - жок
- «Риск» тобундагы окуучулар -жок
- Толук жетим окуучулардын саны - 1
- Көп балалуу үй-Бүлөлөр - 10 үй-бүлө,29бала
- Инвалид окуучу -7
- Инклюзив - жок
- Мектепке тартылбаган окуучу - жок

Мугалимдердин, класс жетекчилердин ишинин ишмердүүлүгүн жогорулатуу, окуучулардын билим сапатын өстүрүү жана ар кандай кароо сынактарга катышууларын активдештирүү максатында мугалимдердин август айындагы педкеңешмесинде «Мыкты бүтүрүүчү», «Мыкты класс», «Мыкты класс жетекчи» номинацияларын ыйгаруу чечими кабыл алынып, номинациялардын критерийлери иштелип чыгып, мугалимдерге жана класс жетекчилерге

Ал төмөнкү критерийлер:

- Жыл ичиндеги билим сапатынын жогорку көрсөткүчү
- Окуу тарбия иштеринде 1-3- орунду жеңип алуу -
- Жыл бою чыгармасчылык менен иштөө
- Райондук областтык, республикалык кароо снактарга активдүү катышуу.

Алдыбызга коюлган милдеттерди ишке ашыруу үчүн 2020-2021- окуу жылында төмөнкүдөй иш чаралар өткөрүлгөн.

**Сентябрь айында төмөнкү иш-чаралар өткөрүлдү.**

1-сентябрда Билим күнүнө карата салтанаттуу иш-чара онлайн түрүндө өткөрүлдү. «Сүйүктүү Кыргызстаным» деген темада класстык сааттар өтүлдү. 7-сентябрда класс жетекчилер үчүн журналдар текшерилип, бекитилди.

23-сентябрда «Кыргыз тил мыйзамынын кабыл алынышынын 32 жылдыгына» карата мектепте «Кыргыз тилим –түгүнбөс байлыгым» деген темада онлайн конкурс уюштурулду. Окуучулар «Улут болсом тилим менен улутмун»деген темада эссе жазышты. «Кыргыз тили кылымдарды карыикан,эч ким аныө өчүрө албайт тарыхтан»көркөм окуу сынагы өткөрүлдү.

1-4-класстар-«Эне тили болбосо аты аталбайт улуттун»

5-7-класстар-«Тил-улуттук байлыгыбыз»

8-11-класстар-«Эртең тилим жоголору чын болсо,андажакшы бүгүн өлүп калганым»деген темада класстык сааттарды өтүштү. Төмөнкүдөй жыйынтык чыгарылды:

1-4-класстар арасынан-1-орун 4-б

2-орун 3-а,4-а

3 –орун 2-в

5-7-класстар арасынан-1-орун 5-а,7-а

2-орун 5-б

1. 3-орун7-б
2. 8-11-класстар арасынан-1орун 9-б
3. 2-орун 9-а
4. 3-орун 8-а
5. 23-сентябрда «Кыргыз тилим –түгүнбөс байлыгым»аттуу салтанаттуу видео-ролик даярдалды.
6. Сентябрь – октябрь айында «Жолдо жүрүүнүн эрежелерин сактоо» максатында
7. «Жолдо сак бол!», «Жолдо жүрүүнүн эрежелерин билесиңби?» деген темаларда класстык сааттар өтүлдү.

**Октябрь айында төмөнкүдөй иш-чаралар өткөрүлдү.**

8. 1- октябрь Карылар күнүнө карата «Карысы бардын- ырысы бар» деген темада онлайн концерт уюштурулду.
9. 3-октябрь мугалимдер күнүнө карата «Таазим сизге, мугалим» деген темада концерт коюлду. Буга жоопту 11- класстын окуучулары дайындалган. Бул майрамда окуучулардын атынан видео –ролик даярдалды
10. 31-октябрда «Берекелүү алтын күз» майрамы онлайн түрүндө өткөрүлдү. 1-4-класстар аралыгында сүрөт, кол менен жасалган буюм, күзгү түшүм, көркөм окуу жана жер жемиштер жөнүндө жомок конкурстары өткөрүлүп, жыйынтыгында 1- орунду- 3- а класс, 2- орун – 1-а, 4- б класс 3- орунду 4а, 3- б класстар ээлешти жана грамоталар менен сыйланышты.

5-11- класстар аралыгында күзгү фантазия, гербарий же буклет, күз жөнүндө обондуу ыр конкурстар уюштурулуп, жыйынтыгында 5-8-класстар аралыгында 1- орунду – 7 а класс, 2- орунду -6 а класс, 3- орунду – 6 б класс ээлешти. 9-11-класстар аралыгында 1- орунду – 11 а класс, 2-орунду- 10-а класс, 3- орунду – 9- а класстар ээлешти, аларга грамоталар тапшырылды.

Октябрь айында парламент мүчөлөрү тарабынан окуучулардын китептери текшериши керек эле бирок ,пандемияга карата онлайн түрүндө болду. Ар бир класс жетекчиден канча окуучу канча китеп алды деп жазылды.

**Декабрь айында төмөнкү иш-чаралар өткөрүлдү.**

8-11-класстарга «1-декабрь Бүткүл Дүйнүлүк СПИДке каршы күрөшүү күнү» деген темада аралыктан видео сабак өткүрүлдү. Класстык сааттар өтүлдү .

Мектепте 3-декабрь күнү мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын күнүн өткөрүү үчүн алардын көңүлдөрүн көтөрүү үчүн боорукерлик акциясын өткөрдүк. Мектепте эки инвалид окуучу окуйт. Бир бала, бир кыз окубайт. Ошондуктан окуучулар аларга өз колдорунан даярдалган белектерди, канцтоварларды чогултуп беришти. Чогулткан белектерин Кой-Таш айылынын Ракишев көчөсүндө жашоочу Талантбек уулу Өмүрбекке алып барып беришти. 4-декабрь «Манас» эпосунун күнүнө карата «Манас»-кыргыз рухунун туу чокусу» деген темадаиш-чара өткөрүлдү.2-4-класстар үчүн «Манастын бала чагы»-деген темада сүрөт тартуу.5-11-класстар үчүн «Чачылганды жыйнаган,үзүлгөндү улаган» деген темада ЭССЕ жазуу.

Иш-чаранын жыйынтыгы:2-4-класстар 1-орун-2-а,2-в

2-орун -4-б,3-б

3-орун-3-в,2-б

5-7-класстар 1-орун 5-а,7-а

2-орун5-б

3-орун-6-а

8-11-класстар 1-орун-8-а,9-б

2-орун 10-а

3-орун 10-б

2020-жылдын 12-декабрында дүйнөгө таанымал кыргыздын белгилүү жазуучусу

Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата

**«Менин сүйүктүү жазуучум –Чыңгыз Айтматов»**деген темада2-4кластар үчүн

1.Ч.Айтматовдун чыгармаларынан кыскача үзүндүнү көркөм айтуу-1-2-окуучу.

2.Ч.Айтматовдунчыгармаларынан сүрөт тартуу -5сүрөт

3.Дубалгазета-1

5-11-класстар үчүн

1.Ч.айтматовдун өмүрү,чыгармачылыгы боюнча слайд жасоо-3мин.

2.Ч.Айтматовдун чыгармаларынан,каармандарынан,китептеринен филворд түзүлөт ,аны табуу 10-15мин.

Ч.Айматовдун чыгармаларынан обондуу ыр-2-3 окуучу.

Жыйынтыгы:2-4-класстар

1-орун 2-в,4-б

2-орун 3-а,3-б

3-орун 2-б

5-7-класстар

1-орун 5-а,7-а

2-орун 5-б,7-б

3-орун 6-а,6-б

8-11-класстар

1-орун 9-б,9-а

2-орун 8-а,10-б

3-орун 11-класс Катышпаган класстар 4-в,8-б.

Декабрда окуучулар үчүн жаңы жылдык балаты карантинге карата өткөрүлгөн жок.

**Январь айында төмөнкү иш-чаралар өткөрүлдү.**

Кызылча оорусу жөнүндө окуучулардан онлайн түрүндө жат жазуу иштерин жазышты. Мектепте оору тууралуу санбюллетень чыгарылды.

2021-жылдын 30-январында Сакин Бегматова атындагы Таш-Мойнок жалпы билим берүү орто мектебинде 5-11- класстар арасында

«Биз зордук зомбулукка каршыбыз»аттуу конкурс өткөрүлдү.Конкурста агитбригада,дубалгезит,флешмоб деген тапшырмалар болду.

Жыйынтыгында ортоңку баскычтан 1-орун 7-а

2-орун-6-б

3-орун- 6-а

Ал эми жогорку класстардан 1-орун 8-б

2-орун-10-б

3-орун-9-а

Конкурс жогорку деңгээлде өтүп,орун алган класстар грамоталар менен сыйланышты.

Кыргыз элинин алгачкы агартуучуларынын бири,педагог,котормочу,публицист,тунгуч лексикограф жана лексиколог

Хусейин Карасаевдин 120жылдыгына карата КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук коммисия бир айлык иш-чара жарыялады.Иш-чаранын жобосу:

2-4-класстар үчүн -1сапаттуу видео сабак(4-мин.)

5-8-класстар үчүн –сапаттуу видео-ролик(4-мин.)

9-11-класстар үчүн-«Илими менен таанылган инсан-Кусеин Карасаев»деген темада сапаттуу ЭССЕ жазуу.Иш-чаранын жыйынтыгы-2-4-кл. -4-бкл.

5-7-кл -5-б,7-а кл.

9-11-кл-9-бкл.орунду ээлешти.

**Февраль айында төмөнкү иш-чаралар өткөрүлдү.**

15-26-февралга чейин «Жеңил дем алабыз» деген темада10 күндүк дем алуу гимнастикасын үйрөтүү боюнча декадасы өткөрүлдү.Сынак-1-11-класстар арасында болду.1-4-кл.сүрөт тартуу боюнча1-орунду2-в2-орунду4-б 3-орунду-3-а.Ал эми5-8-класстар арасында плакат тартуу боюнча 1-орун-7-а,2-орун-5-а,3-орун6- алды,9-11-класстар арасында1-орунду 9-б класс ээледи. «Коронавирус-коркунучтуу оорулардын бири»деген темада 1-11-класстар арасында класстык сааттар өтүлдү. «Сактыкта кордук жок!» деген темада санбюллетень чыгарылды.

2020-жылдын 8-февралынан 15-февралына чейин «We love english»жумалыгы жарыяланды.Жеңүүчү класстар: 1-орун 5-б,7-а

2-орун 6-а,8-б

3-орун-5-а жана 11-класстар ээлешти.

**18-февралда** саат 12.00го Сакин Бегматова атындагы Таш-Мойнок жалпы билим берүү орто мектебине Ооган согушунун ардагерлеринин 32 жылдыгына карата **«Бар бол-ветеран»** деген темада класстык саат өткөрүлдү.Ветерандарды чакырып окуучулар менен жолугушуу өткөрдүк. Жолугушууга Ооган согушуна катышып келген Кой-Таш, Прохладное айылынан Эсеналиев Эмиль, Бекжанов Садыржан келишип балдарга кызыктуу маев куруп беришти. Жолугушуу актовый залда өтүп, окуучулар өзүлөрү кызыккан суроолорду ардагерлерге беришип, жоопторун угушту. Жолугушуунуу ардагерлер кызыктуу окуяларын айтып берүү менен окуучуларга жагымдуу маанай тартуулашты.Жолуугуушудан кийин 9-а класстын окуучулары өз күчтөрү менен дайындаган дасторкондун үстүнөн да куттуктоолор айтылды жанадасторкон жайылды. Ардагерлер да өз кезегинде ыраазычылыктарын билгизишип, окуучуларга ырахматын айтышты. Ардагерлерге куттуктоо менен баштарына калпак кийгизилди.

**19-февралда** Кой-Таштагы 703809 аскердик бөлүмүнө 9-11-класстын 60 окуучу менен дене тарбия мугалими Сурмалиев Расул менен Жапаров Санжар«Ачык эшик» күнүнө жана спартакиадага барып келишти. Ал жактан балдар аскерлер тарабынан уюштурулган номерлерди көрүштү, казармаларга экскурсия жасашта, Кыргызстанда болгон аскердик куралдар менен таанышышты, спорт залын, ашканасын жана санитардык жайларын көрүштү жана аскердик паркына ( аскердик техника, танк) сейилдешти. Жыйынтыгында «Аскердик эстафета» боюнча 3-орун, «Аркан тартыш» боюнча 2-орун,командалык эсепте 2-орунду ээлешти.

Мектептин спорт залында **«23-февраль Ата –Мекенди коргоо күнүнө»** **«Эр жигит эл четинде ,жоо бетинде»**деген темага карата 24-февралда эркек балдар арасында сынак өткөрүлдү.2-4-класстар үчүн :1-орунду 2-б,3-а алды,2-орунду-2в.4-а,3-орунду-4б,3-в ээледи.Ал эми 5-7-класстардан 1-орунду 5-б,7-а,2-орунду-7-б,6-б,3-орунду-6-а,5-а ээледи.8-11-класстардан 1-орунду -8б.2-орунду-9-б, 3-орунду-9-а,8-а ээлешти.1-орунду-10 а,2-орунду-11-класс,3-орунду 10-б-класстар алды.Эң жакшы оюнчулар 8-б-класстын окуучусу-Джумамуратов Айбол жана 11-класстын окуучусу –Сейдахматов Рамазан болду.

Ар дүйшөмбү сайын окуучулардын өздүк гигиенасы парламенттин мүчөлөрү тарабынан текшерилип ,жыйынтыгы жумушчу линейкасында чыгарылып, эскертүүлөр

берилип турат. Класстык саттардын өтүлүшү текшерилип,тарбиялык саатардын шилтенмелери убагында тарбия завучуна өткөрүлүп турду. Ар жумада жумушчу линейка өткөрүлүп жатты.

**Март айында төмөнкүдөй иш-чаралар өткөрүлдү.**

3-март Кыргыз Республикасынын желегинин кабыл алынган күнүнө карата мектептин фойесинде агитбригада уюштурган чакан концертке күбө болдук.анда туубуздун тарыхы айтылып,окуучулар ойлору менен бөлүшүштү.

5-март кыргыздын ак калпагынын күнүнө карата мектеп окуучуларынын баары ак калпак кийип келишип,сабакка киришти.Мектептин линейкасы өткөрүлүп,анда ак калпак жөнүндө баяндап,калпагыбызды даңазаладык.Ак калпак күнүнө карата 1-11-класстар арасында сынак өткөрүлдү.1-4-класстардан1-орунду4-б,2-орунду2-в3-орунду3-б-класстар алды.5-7-класстар арасында1-орунду7-а,

2-орунду6-а,3-орунду5-,5-б-класстар алды.8-11-кл.арасында1-орунду10-б,2-орунду9-б,10-а класстар ээледи.

Ар бир класс 8-март Эл Аралык Аялдар күнүнө карата класстык саттарды өтүштү.

Г.Х.Андерсендин 215-жылдыгына карата 12-19-мартында орус тилчилердин жумалыгы болуп өттү.Ал иш-чарага 2-11-класстардын окуучулары катышты.2-в,3-а.4-б,5-а.5-б класстын окуучуларынан «Оловянный солдатик»жана «Снежная Королева»мультфильмдин үзүндүлөрүнөн спектакль көрсөтүлдү.Өткөрүлгөн иш-чаранын жыйынтыгы:

2-4-класстар арасынан 1-орун3-в,2-а,4-б

2-орун 2-б,3-б

3-орун 3-а

5-7-класстар арсынан 1-орун 7-а

2-орун 5-б.6-а

3-орун 5-а,6-б,7-б

8-11-класстар арасынан 1-орун 8-б

2-орун 9-б

3-орун 10-б,11

Ар бир класс активдүү катышып ,грамота менен сыйланды.

19-мартта «Нооруз»майрамына карата «Нооруз-жаз майрамы»деген темада иш-чара уюштурулду. Умай Эне ар бир класты кирип аластап,агитбригада куттуктоо ырлары менен коштоп жүрүштү.Майрамда класс ичин жасалгалап,дасторкон жайылып, обондуу ырларынан

ырдалды.Башталгыч класстардан «Эң мыкты дасторкон»номинациясына1-б,4-б-класстар ээ болушту.

24-март күнү «Бүткүл кургак учук күнүнө карата»18-март күнү

жат жазуулар жазылып,сүрөттөр,плакаттар тартылды.Кургак учук боюнча түшүндүрмөлөр өткүрүлдү.

Сабактар өз убагында өткөрүлдү,класстык сааттар тема боюнча өтүлүп жатты.Чейректин аягында тарбиялык журналдар,тарбиялык папкалар өз убагында өткөрүлдү мугалимдер тарабынан.

**Апрель айында түмүнкүдөй иш-чаралар өткөрүлдү.**

8-апрелде «Баатырларга таазим» деген темада окуучуларга онлайн видео өткөрүлдү.7-апрель ревалюцияга катышкан баатырлар жөнүндө тереңдетип түшүндүрүү,онлайн видео жасоо. «Боорукер»штабы баатырларча курман болгондордун үйүнө барып,үй тиричилигине жардам берип келишти.

2021-жылдын 12-апрель күнү космонавтика күнүнө карата агитбригада даярдаган программасын көрсөттү.Анда космос мейкиндигин багындырган инсандар жөнүндө кеңири баяндап,көркөм окууларды окуштуп, видеолорун жиберишти.

16-апрелде мектепте өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу үчүн эвакуация өткөрүлдү. Анда коопсуздук эрежелерди кайталатып,окуучулардын өзүлцрүн алып жүрүүсү тууралуу кеңири түшүндүрүлдү. Эвакуация убагында ар бир мугалим кайсыл сабакта отурса дагы журналды кошо алып чыгуу керек,3 мугалим журналды алып чыгыш керек экендигин унутуп коюшуптур,аларга эскерүү берилди.

24апрель элдик революцияда курман болгон инсандарды онлайн аркылуу эскерип,маалымат берилди.24-апрель кургак учук менен күрөшүү күнүнө карата 9-11-класстын окуучулары менен «Биз кургак учук оорусуна каршыбыз»-деген темада видео сабагы уюштурулду,анда окуучулар менен биргеликте айыл тургундарына кургак учук оорусу тууралуу маалымат берилди.

Апрель айында кружоктор өз убагында өткөрүлдү Ата-энелер чогулушунун протоколдору тарбия завучуна тапшырылды. Ар бир жуманын дүйшөмбү күнүндө жумушчу линейкасы өткөрүлүп турат. Дизентерия, дифтерия жана таза колдор боюнча санбюллетень чыгарылды.

**Май айында төмөнкүдөй иш-чаралар өткөрүлдү.**

4-майда агитбригада **«5-май конституция** күнүнө »карата аралыктан окуучулар өзүлөрүнүн өнөрлөрүн көрсөтүштү,куттуктоолорду жана каалоо-тилектерин айтышты.7-майда **«Улуу Ата Мекендик согуштун башталышынын 80жылдыгына,жана Улуу Жеңиштин 76 жылдыгына карата «Жеңиш,Мекен жана Согуш жөнүндө ырларын ырдайбыз» деген темада онлайн** салтанаттуу иш-чара уюштурулду. Ага мектептин 5-классынан 2-11-класска чейинки окуучулар катышышты. Ар бир окуучунун активдүү катышуусун, ар бир класстын формасын, мекен жөнүндө ырларына төмөнкүдөй орундар

бөлүштүрүлдү: 1-орунду 5- «а» жана 7- «а» класстар, 2-орун 6- «а» жана 10-«б» класстар,3-орун 8-«а»жана 9-«б» класстар ээ болушту.Орун алгандар грамоталар менен

сыйланышты.

16-майда «Энелер күнүнө» карата **«Бейиш эненин таманында»** деген темада энелер үчүн атайы мектеп окуучулары тарабынан онлайн концерт уюштурулду. Ага 1-класстан 11-класска чейинки окуучулардын өнөрлөрү тартууланды. Энелер концертти жылуу кабыл алышып,ыраазычылыктарын билдиришти. 25-майда парламент мүчөлөрүнүн жыйынтыктоочу чогулушу аралыктаболуп өттү. Анда быйылкы жылдын отчёттору тапшырылып,кийинки жылга максаттарды коюшту. Май айында «9-май Жеңиш күнү», «Ата-Журт кыйындыкка кабылганда,айлансын ар бир атуул чагылганга», «Суу сыйлаган зор болор,суу кордогон кор болор» деген темада окуучуларды мекенчилдикке,жаратылышты сүйүүгө жана аны коргоого тарбиялоо максатында тарбиялык сааттар өтүлдү.

21-майда педкеңешмеде тарбиялык иш-чаралардын жыйынтыгы атайын баалоо экранынын негизинде **«Мыкты класс», «Мыкты класс жетекчи»** жана

«**Мыкты окуучу**» номинациялары чыгарылды. Анда « Мыкты класс»

номинациясын а 4-«б» класс ,7-«а» класс,9- «б» класс ээ болду. Ал эми

«Мыкты класс жетекчи» номинациясы Асанова Нурзада, Калиева Нуржан жана Чылпакбаева Венерага ыйгарылды.Ал эми «**Мыкты окуучу**» 11-класстын окуучусу Исакова Гулнурага ыйгарылды.

24-майда аралыктан өткөрүлгөн акыркы коңгуроо аземине арналган салтанаттуу линейкада окуучулар баалуу белектер жана грамоталар менен сыйланышты.

2021-жылдын 24-июнунда мектепте «Жетилүү аттестатын тапшыруу»аземине арналган салтанаттуу линейка өткөрүлдү.Ага 11- «а» классынын бүтүрүүчүлөрү жана алардын ата-энелери,туугандары, келип катышышты.Линейканы мектептин мугалими Миталипова Гулзина жана Солтонгазиева Зарина алып барышты.Мектептин директору Тентимишев К.К.куттуктоо сөзү менен линейканы ачып, бүтүрүүчүлөргө «жетилүү аттестатын» тапшырып,мектепте коомдук иштерге активдүү катышкан,окуудагы эң жакшы жетишкендиктерге жетишкен, окуучуларды грамоталар менен сыйлады.Кийинки сөз Таш-Мойнок айыл аймагынын башчысы Асанкулов Б.Сга берилди.Ал бүтүрүүчүлөргө каалоо-тилектерин айтып куттуктады..11-классынын класс жетекчиси Маштыкова Кульмира Яспековна окуучуларын куттуктап,каалоо-тилектерин айтты. Кийинки сөз бүтүрүүчүлөрдүн ата-энелерине берилип,алар мугалимдерге ыраазычылыктарын билдирип, балдарын куттукташты.Акырында сөз ҫезеги 11-«а» классынын окуучуларына тийип,алар өз өнөрлөрүн көрсөтүшүп,мугалимдерге ырахматын айтышып,таазим этишти.Салтанаттуу линейканын акырында ата-энелери балдары менен коштошуу вальсын бийлеп жыйынтыкташты. Линейка учурунда тартип бузуулар болгон жок.

2020-2021-окуу жылында 34 саат класстык саат өтүлдү. Тарбия завучу 15 класстык саатка катыша алдым. Чейрек сайын, жума сайын парламенттин мүчөлөрүнүн катышуулары менен ички текшерүүлөр жүргүзүлүп турду.

Парламент мүчөлөрүнүн катышуусу менен жүргүзүлгөн ички текшерүүлөрдүн саны:

| №№ | Жүргүзүлгөн текшерүүлөр | Саны |
|---|---|---|
| 1 | Окуу куралдарынын толуктугу | 9 |
| 2 | Окуучулардын өздүк гигиенасы | 12 |
| 3 | Окуу кабинеттеринин тазалыгынын абалы | 12 |
| 4 | Окуу китептеринин сакталышы | 9 |
| 5 | Сабакка катышуулар жана кечигүүлөр | 30 |
| | | |

Ар бир класста ден соолук, тазалык бурчтары уюштурулду. Ички текшерүүлөрдүн жыйынтыгы жума сайын өткөрүлүүчү линейкада угулуп турулду. Былтыркы окуу жылындагыдай эле мектептин тазалыгын, тартибин окуучулар менен кошо мугалимдер да көзөмөлдөп турушту. Ата-энелердин чогулушу жыл бою регулярдуу өткөрүлүп турду. Бир жылда ата-энелер менен биргелешкен, ИДН менен биргелешкен пландар, ГСВ менен биргелешкен пландар, өрт өчүрүү инспекциясы менен биргелешкен пландар түзүлүп ал пландар боюнча пландаштырылган иш-чаралар алынып барылды.

2020-2021-окуу жылында соц.педагог, ИДНдин инспектору, айыл өкмөтүнүн соц.кызматкери, аксакалдар сотунуне мүчөлөрү, парламент мүчөлөрүнүн катышуусу боюнча тартип бузуну алдын алуу боюнча ай сайын рейдер жүргүзүлүп турду.

Парламент мүчөлөрү мектепте өткөрүлгөн окуу-тарбия иш чаралардын бардыгын өткөрүүдө көмөк көрсөтүп турушту.

Ата-энелерди мектептин жашоосуна тартуу жыл башында коюлган максаттардын бири. Ушуга байланыштуу бул окуу жылында ата-энелер менен максаттуу иштер жүргүзүлдү. Ар бир класстык жана класстан тышкаркы иш-чараларга ата-энелер тартылды.

2021-2022-окуу жылына койгон максатыбыз:

**Окуучуларга ар тараптуу тарбия берүүдө кандайдыр бир оптималдуу ыкма табууга, алардын руханий дүйнөсүн калыптандырууда, окуучуларды маданияттуулукка, эли-жерин сүйгөн инсандыкка тарбиялоо менен алардын музыкалык табитин ачып, музыкага болгон кызыгуусун арттырып, чыгармачыл жөндөмүн өстүрүү.**